## Кредиттер

*(2016-жылдын 12 айы үчүн)*

**1-график. Иштеп жатышкан коммерциялык банктардын бир мезгилдин акырына кредиттик карыздарынын динамикасы**




Отчеттук мезгил ичинде коммерциялык банктардын кредит портфелинин бара-бара төмөндөшү байкалган, негизинен бул валюта түзүүчүсүнүн төмөндөшүнө байланыштуу болгон.

Кароого алынып жаткан мезгилдин акырына карата иштеп жаткан коммерциялык банктардын кредит портфелинин көлөмү жыл башында 0,5 пайызга төмөндөө менен 93,5 млрд сомду түзгөн. Ушуну менен бирге улуттук валютада кредит портфели 22,9 пайызга, 51,9 млрд сомго чейин өскөн. Чет өлкө валютасында кредиттердин көлөмү жыл башынан тарта 19, 5 пайызга төмөндөө менен 41,6 млрд сомдук эквивалентти түзгөн.

Кароого алынып жаткан мезгилдин акырына карата кредит портфели боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен 18,3 пайызды (-0,6 п.п.), улуттук валютада– 22,2 пайызды (-0,6 п.п.), чет өлкө валютасында – 13,5 пайызды (-2,2 п.п.) түзгөн.

Отчеттук мезгил ичинде банк тутумунда кредит портфелинин сапаттуу мүнөздөмөлөрүнүн бир аз начарлашы байкалган. Алсак, мөөнөтү өткөрүлүп жиберилген карыз үлүшү кредит портфелинин жалпы көлөмүндө 2,9 пайызды түзгөн болсо, ал эми сандык мааниде ушул кредиттердин көлөмү жыл башынан тартып 51,5 пайызга көбөйгөн. Мында, кредит портфелинин жалпы көлөмүндө пролонгацияланган кредиттердин салыштырма салмагы жыл башынан тартып өзгөрбөстөн 4,8 пайызды түзгөн. Мында, кредиттик портфелдин жалпы көлөмүндө пролонгацияланган кредиттердин салыштырма салмагы жыл башынан тартып өзгөрбөстөн 4,8 пайызды түзгөн.

Өз кезегинде көпчүлүк банктардын кредит портфели айрым тармактарда жогорку концентрациялануу бойдон калган. Алсак, тармактарда банктардын кредит портфелинин концентрацияланышын көрсөтүүчү инденкс 0,32 түзгөн, бул көпчүлүк банктардын кредиттерин үч тармак ортосунда бөлүштүрүлүшүн көрсөтөт.

Кредиттөө рыногунун жалпы концентрациялануусунун көрсөткүчү 0,08 түзгөн, бул рынокту он эки банк ортосунда бөлүштүрүүгө барабар.

Жыл башынан тартып банктардын кредит портфелинин убакыт боюнча түзүмүндө кыска мөөнөттүү кредиттер көлөмүнүн төмөндөшү жана узак мөөнөттүү кредиттер көлөмүнүн көбөйүшү белгиленген. Ушуга байланыштуу узак мөөнөттүү кредиттердин салыштырма салмагы (бир жылга чейинки) 77,6 пайыздан 78,3 пайызга чейин өскөн, кыска мөөнөттүү кредиттердин салыштырма салмагы 20,5 пайыздан 18,7 пайызга чейин төмөндөгөн. Кредит порфелинин убакыт боюнча түзүмүнүн ушул сыяктуу корректировкасы 29,3 айды түзгөн дюрация көрсөткүчүнө олуттуу деле таасирин тийгизген эмес.

Жаңыдан берилген кредиттердин жалпы көлөмү 2016-жыл ичинде 95,9 млрд сом өлчөмүндө түптөлгөн, бул аталган суммадан 2015-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырмалуу 22,3 пайызга жогору болгон. Улуттук валютада берилген кредиттер 51,5 пайызга өскөн, чет өлкө валютасында кредиттер тескерисинче 6,5 пайызга төмөндөгөн.

**2-график. Коммерциялык банктар тарабынан бир мезгил ичинде берилген кредиттердин динамикасы**




Улуттук валютада жаңыдан берилген кредиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен 2016-жылы 2015-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырмалуу 24,5 пайызды түзүү менен 0,9 пайыздык пунктка өскөн, ал эми чет өлкө валютасында 1,8 пайыздык пунктка, 12,4 пайызга чейин төмөндөгөн.

**3-график. Мөөнөттүүлүк категориясы боюнча улуттук валютада жаңыдан берилген кредиттер боюнча пайыздык чендердин орточо деңгээли**




**4-график. Мөөнөттүүлүк категориясы боюнча чет өлкө валютасында жаңыдан берилген кредиттер боюнча пайыздык чендердин орточо деңгээли**




Отчеттук мезгилде тармактар боюнча улуттук жана чет өлкө валюталарында жаңыдан берилген кредиттер боюнча пайыздык чендердин ар багыттагы кыймылы байкалган. Мында улуттук валютада эң төмөнкү чен боюнча кредиттер өнөр жайга

берилген болсо (мезгил үчүн орточо салмактанып алынган пайыздык чен 15,8 пайыз), ал эми эң жогорку чен боюнча керектөө кредиттерине (31,0 пайыз) берилген.

Чет өлкө валютасында чендер экономиканын бардык тармактарында төмөндөгөн. Эң жогорку чен боюнча чет өлкө валютасында керектөө кредиттери берилген (орточо салмактанып алынган пайыздык чен 16,2 пайыз), ал эми эң төмөнкү чен боюнча байланыш кызмат көрсөтүүлөрүнө берилген (орточо салмактанып алынган пайыздык чен 11,5 пайыз).